Э.А. Орозмаматова, К.А.Төрөгелдиева
Окутуучу ОшТУ, окутуучу ОшТУ
E.A. Orozmamatova, K.A.Torogeldieva
Teacher OshTU, teacher OshTU

КЫРГЫЗ КУРАКТАРЫ

Бул статьяда бүгүнкү турмуш шартка жарашып урунуучу илгерки курак жана сайма орнамент элементтери боюнча түшүнүк берилди. Ошондой эле алардын түрлөрү, түстөрү , колдонулушу боюнча түшүнүк берилди.

Негизги сөздөр:курак куроо,кыргыз куракторы,сайма жана орнамент элементтери.

KYRGYZ EMBROIDERY

This article will give information on intensive injections of old age and in accordance with the conditions of life today, given the understanding of the elements of the ornament. As well as their types and colors, the concept of practice.

Key words: patchwork, embroidery and ornament elements.

Традициялык искусствонун баалуулугу ченемсиз чоң. Тигил же бул элдин маданиятынын калыптанышынын тарыхы менен тыкыс байланышта болуп, ал бир нече муундардын чоң тажрыйбасын, түйшүктүү жана туруктуу эмгегин ичине камтыйт, ошондуктан ал кенч катары эсептелинип бүгүн да өз маанисин жоготпойт, азыркы искусство алардын көркөмдүк кооздугунун эң жакшы жактырып терип алат.

Кыргыздын элдик ууздар чийден, курактан, булгаарыдан, өрмө терме, сайма, шырдак жагынан сонун мурас калтырышкан. Бул буюмдар кыргыз искусствосунун эң эле илгерки түрүнө кирсе да чыгармачылык ар түрдүүлүгү жана техника жагынан ыкмаларынын айрымачылыгы сезилет, бирок бир тарыхый мезгилдин ичинде өркүндөп , ал өз ара эриш-аркак байланышта болуп, анда бирдиктүү өз алдынча көркөм стиль иштелип чыкты.

Кыргыздын колдонмо чыгармачылыгы, башка ар кандай элдердики сыяктуу, алардын тиричилиги, турмуш шарттары менен ажырагыс байланышкан. Ошондуктан ал байланыш традициялык искусствонун бардык түрлөрүндө, ошондой эле “курактан” жасалган буюмдардан көрүнүп турат.

Курактын жогорку көркөмдүүлүгү, ажардуулугу, жөнөкөйлүгү гана эмес, ошондой эле сулуулукту күндөлүк турмуштун пайдалуулугу менен айкалыштырып, бир башкача жайлуулуктун поэзиясын пайда кылгандыгынан болуп олтурат.

Эл өз искусствосун сүйөт, ардактайт жана аны менен сыймыктанат. Бул искусство көптөгөн кылымдардагы көркөм чыгармачылыктын жемиштери.

Курак тил, диний жана башка саясий тоскоолдуктардан алыс турат. Ал элдин тили, анын нукура таланты жана өчпөс, чексиз чыгармачылыгы. Чыныгы чебер сүрөтчү катары алар чеберчилик менен ар түрдүү материалдарга көркөм баалуулукту беришет.

Байыркы курак биздин көчмөн ата-бабаларыбыз ар кандай кырсыктардан, жаман көздөн сакточу системасы катары кабыл алып, ошого ишенишкен. Курак орнаментикасы көчмөн калктын дүйнөгө көз карашы, табийгат таануу билими, мистикалык сырлары жана куракчылардын өзгөчө таланттары менен баалуу.

Үйдө канчалык көп курак болсо, ошончолук киреше, урпактар көбөйүп жакшылык кирет деп ишенишкен. Ар бир үрп-адатка курактын орнаментин өзгөртүп атайлап арнап жасашчу экен. Мисалы, өлүк чыккан үйдө курактарып жасалган дастаркон салынчу эмес, анткени ал жогорку принципке жараша, өлүмдү көбөйтүп жиберет деп түшүнүшчү.

Бүгүнкү күндө кыргыздардын көпчүлүгү шаарларда же айылдарда жашашып, көчүп-конуп жүрүүчү чабандардын үй – бүлөлөрүнүн саны мурункудай көп боло бербесе да кыргыздардын өздөрүнүн салтуу маданиятына жана элдик кол өнөрчүлүгүнө болгон чоң кызыгуусу солугандай элек.

Материалдардын үзүндү- кесиндилерин алып, “жоктон” бар кылып кандайдыр бир нерсени жаратканда ал пайдалуу гана болбостон, ошондой эле кооз блуп чыкканда балкуу сезимине чулганбай кое албайсыз.

Курак искусствосу универсалдуу болушу мүмкүн, бирок кыргыз курагы жашоонун салтуу нугунун өтө зарыл керектөөсүнөн жаралган бул байыркы көчмөн элдин маданиятында өзгөчө орунду ээлеп турат.

Малы менен көчүп жүргөн көчмөн элдер материалдын калдыктарын башка үзүк-кесиктер менен бириктирип тигип, кандайдыр бир чоң нерсени жасоо үчүн сактап коюшкан.

Курак буюмдарынын түрлөрүнө күндөлүк керектелүүчү баш кийимдер, балдар кийимдери, балдар кийимдери, жабдуулар жана жууркандар, кызга берилүүчү септер, жер төшөктөр, жаздыктаркирет. Кураста геометриялык формалардын жана системалуулуктун көптүгүнө карабастан түстүү,форманы пайдалануу жана татаалдыгы ар бир чебер узга өз искусствосун көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берилген. Курактын төмөнкүдөй түрлөрү азыркы убакта колдонулуп жатат. Мисалы “Бото көз”, “турна курак”, “тумарча”, “жылдыз”, “каттама” жана башкалар.

Сүрөт 1.Каттама курак



Сүрөт 2.Аралаш курак.

Булардын ичинен эң кеңири белгилүүсү- жөнөкөй оюу-чийүү: ак фондогу кара үч бурчтук саналат.

Курак буюмдарында ийгилик жана гүлдөп өсүүнү алып келүүчү, жаман көздөн, арам күчтөн сактоочу сыйкырдуу касиеттер бар деп да эсептешкен. Ага байланыштуу өзгөчө ырым-жырымдар да болгон. Мисалы: “Кырк көйнөктү” алалы, байгерчиликте жашашкан коңушу боз үйдөн алынган материалдын кырк кесиндисинен чогултулуп, тигилген көйнөктү жаңы төрөлгөн наристеге 40 күн толгондо кийгизишчү.

Кыздын себине чоң курак топтому тигилчү. Себеби кездеменин кара жана ак түстөгү кесиндилери өзгөчө натыйжалуу деп эсептелинүүчү. Кээ бир областарда кыздын себине мозаикалык одеялдарды беришкен. Мозикалык курактар жаштарды бири-бири менен ынтымактуулукка, чыдамкайлыкка алып келет деп билдирген. Аялдар бай, бактылуу,көп балалуу үй-бүлөдөн курак үчүн кездемелерди топтошкон. Алар өздөрүнүн үйүнө ушул курак аркылуу

бакыт, киреше алып келет дешкен.



Сүрөт 3. Ак фондогу кара үч бурчтук.

Курактан жасалган покрывалдар өтө көп убакытты алат. Анын майда бөлүкчөлөрү трафарет аркылуу бычылат, андан кийин анын формасы,цвети,өлчөмү боюнча тандап бири-бири менен курайт.

Түстүн, форманын, материалдын жана жасалганын айкалыштырылган натыйжасы-эмгек ышкысын жана кездеменин ар бир кесиндисине жумшалган убакытты баалоо ыракат тартуулайт. Курак техникасында колдоонуулучу башка түстөрдүн айкалышы: кызыл-жашыл, кызгыл сары-көк, сары-кызыл, көк болуп, адатта контрастуу болот.Ачык түс таңдуу, майрамдык маанайда чагылдырылып, курак буюумдары арналган адамга ак тилек, калоону билдирсе, кызыл түс-арзуну, жашыл түс- ден-соолукту, сары түс- бакыт-таалай калоону билдирет.

Жибек жолу ачылгандан бери жаңы кездемелер келе баштады.Мурда чыт кездемеден курак тигилсе, азыркы учурда кымбат баалуу кездемелерден тигиле башталды. Мисалы кытайлык бархаттардан, бухаралык атластан, хореземдик шелктон.

Элдик кол өнөрчүлөр сызгыч, бор, үлгү, машинаны колдонбостон, алар колдо курашкан. Композиция катары геометриялык фигура – ромб, үч бурчтук же төрт бурчтук пайдаланышкан. Куракчылык аял затына мүнөздүү өнөр болуп саналат.

Курак искусствосу бир гана Кыргызстанда эмес бүткүл дүйнө жүзүндө колдонулуп келген. Мисалы: Америка Кошмо Штатында 1920- 30 жылдары журналдар менен газеталар аркылуу үлгүлөрдүн кеңири жайылышы жана сүрөтчү модельердин искусстводогу инновациялары менен курак жасоого кызыгуу күчөгөн . Көптөгөн америкалык куракчылар эски үлгүлөрдү кайра жаратышкан.

Кошмо Штаттардагы курактын азыркы кайра жаралуусу башталгандан бери көп нерселер болду. 2004-жылы жүргүзүлгөн улуттук сурамжылоонун малыматтары боюнча курак жасоо менен алектенген америкалыктардын саны болжол менен 20 миллионго жакын болгон. Куракчылар: Скотт Муркин, Карен Масгрейв, Ивон Порселла, Сью Рено, Жоан Шульц, Виржиния Шпигел, Карен Уоттс.

Кайра жаралуунун мезгилинде курак дүйнөсүнө көп сандаган адамдар жана технологиянын көптөгөн типтери келип кирди.

Биз эмне үчүн курактарды сүйүшүбүз керек деп көп адамдар сурашат. “Алар эмнени билдирет ?”

Курактар – бул өзүнчө бир жамаат: адамдар аларды чогултуп курашат.

Курактар – бул искусство, бул татынакай нерселер көңүлдү эргитет. Курактар үйрөтөт:алар

дүйнө таануунун инструменттери. Курактардын мааниси бар, анткени алар жоготуу, кыжырлануу, сүйүү, эскерүү сезимдерин берүүнүн каражаты болуп эсептелет жана сөз жетпеген нерселерди түшүндүрө алат.

Кыргызстанда куракчылык азыркы күндө да өнүгүп келе жатат.

Кимия Төрөгелдиева, Сапара Мамбетова, Бурул Дунганова өңдүү кол өнөрчүлөр менен сүрөтчүлөр кыргыздын салтуу куракчылык өнөрүн даңазалоодо өздөрүнүн салымын кошуп жатат. Ошондой эле азыркы учурда курактан көйнөктөр, баш кийимдер, панолор тигилүүдө. Мисалы: “Технология жана жаратылышты пайдалануу” факультетине караштуу “Жеңил өнөр жай” кафедрасында курак боюнча: Кимия Төрөгелдиева, Венера Ибраевалар кийизден жана курактан жасалган буюмдарды тигүүдө өз салымдарын ийгиликтүү кошуп келүүдө. Дизайнердик мамиле катары Примкулова Бермет талыкпай эмгектенүүдө. Жыл сайын кафедрада курак менен кооздолгон костюмдардын саны өсүүдө.

Сүрөт 4. Курак костюму

Кыргыздын орнаментинин мотиви өнөр жайында кеңири колдонулуп өсүп -өркүндөп жатат. Жаңы формаларды, стилдерди, варианттарды, материалдарды издеп табуу мүнөздүү көрүнүш болуп калды. Алар биздин турмушубуздун маданиятыбыздын гүлдөп өсүп - өнүгүшүндө улам жаңы формага чыгармачылык өркүндөгө ээ болуп, ошого жараша изилденүүгө тийиш.

Ошондо гана алар элдин кеңири сүймөнчүлүгүнө ээ болот, элдик өнөрдүн көөнөрбөс казынасына айланат. Улам кийинки муундар үчүн элдик искусствонун эскирбес үлгүсү болуп кала берет. Кафедра көп жылдык тажрыйбанын негизинде куракка кызыккандар үчүн төмөндөгү кеңештерди берет: буюмдун пайдалануу керектигине жараша, материалдарды туура тандоо зарыл; материалдардын түстөрүн бири бирине айкалыштырып тандоо; тигердин астында жука кездемелерди жууп, крахмалга салып тигүү керек; бычардын астында жука кездеме чычылбай, анын формасы жакшы сакталыш үчүн, атайын клейлеп жасалган материалдарды кездемеге ысык үтүк менен жабыштырып алуу зарыл; курактын жана буюумдун тигүү сапатына эң чоң маани берүү

зарыл; кездемени бычканда: бардык курактын бөлүкчөлөрү эриш жип аркылуу бычылат; куракты пахта жиби менен тигүү зарыл.

Адабияттар:

1. Лоскутные одеяло из Джиз Бэнд. Москва- 2006 ж.
2. “Курак”. Бишкек 2005-жыл.
3. “Маданияттарды жана түстөрдү кошуп”. Октябрь 2006 жыл.